УДК:378
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-160-167

**Койлубаева Н.К.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
koilubaeva.n@mail.ru

## БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ КЕСИПТИК ЖАКТАН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИКТИН МААНИСИ

**Аннотация.** Макалада болочок мугалимдерди кесипкөй адис катары калыптандыруудагы педагогикалык чеберчиликтин өзгөчөлүктөрү, мааниси, окумуштуулардын изилдөөлөрү, тыянактары жалпылаштырылып, азыркы мезгилдеги мугалимге коюлуучу талаптарга көңүл бурулду. Окутуу жана тарбиялоо процесстеринде педагогдун чеберчилиги жана устаттыгы эң негизги ролду ойнойт. Себеби мугалимдин эмгеги чыгармачыл иш-аракетти талап кылат, ал педагогдон практика жүзүндө педагогиканын жалпы теориялык жоболорун түшүнүүнү жана аны кырдаалга жараша колдонуусун шарттайт. Ал бардык мезгилде бүткүл адамзат үчүн өз маанисин жоготпогон баалуулукту, б.а. педагогикалык иш-аракетти өзү үчүн аткаруу, мугалимдик кесибине жашоо милдети катары мамиле кылуу керектигин билүүнү аныктоого мүмкүндүк берет. Болочоктогу адистин кесипкөй мугалим катары педагогикалык жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүдө, окутуу-тарбиялоо иш-аракетинде жаңы көндүмдөрдү, педагогикалык билим-билгичтиктерди калыптандырууда педагогикалык чеберчилик түздөн-түз таасир этет.

**Негизги сөздөр:** Болочок мугалим, педагогикалык чеберчилик, чыгармачылык, жөндөмдүүлүк, кесиптик билим, кесиптик жарамдуулук, кесиптик сапаттар, кесипкөй адис.

**Койлубаева Н.К.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
koilubaeva.n@mail.ru

## ЗНАЧЕНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО МАСТЕРСТВА В ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ФОРМИРОВАНИИ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ

**Аннотация:** В статье обобщены особенности и значение педагогического мастерства в формировании будущих учителей как профессиональных специалистов, исследования и выводы ученых, а также акцентировано внимание на требованиях, предъявляемых к учителям в настоящее время. Профессионализм и мастерство преподавателя играют важнейшую роль в учебно-воспитательном процессе. Это связано с тем, что работа учителя требует творческой деятельности, которая требует от учителя понимания на практике общетеоретических принципов педагогики и применения их по ситуации. Оно имеет ценность, не потерявшую своего значения для всего человечества во все времена, т.е. Выполнение педагогической деятельности для себя позволяет определить знание о том, что к профессии учителя следует относиться как к жизненной задаче. Педагогическое мастерство

оказывает непосредственное влияние на развитие педагогического мастерства будущего специалиста как профессионального педагога, на формирование новых умений и педагогических знаний в учебно-воспитательной деятельности.

**Ключевые слова:** Будущий учитель, педагогическое мастерство, креативность, способности, профессиональные знания, профессиональная квалификация, профессиональные качества, профессиональный специалист.

**Koilubaeva N.K.**
Candidate of Pedagogy, assistant professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
koilubaeva.n@mail.ru

## THE IMPORTANCE OF PEDAGOGICAL SKILLS IN THE PROFESSIONAL FORMATION OF FUTURE TEACHER

**Annotation.** The article summarizes the features and importance of pedagogical skills in the formation of future teachers as professional specialists, research and conclusions of scientists, and also focuses on the requirements for teachers at the present time. The skill of the teacher play a vital role in the educational and training process. This is due to the fact that the work of a teacher requires creative activity, which requires the teacher to understand in practice the general theoretical principles of pedagogy and apply them according to the situation. It has a value that has not lost its meaning for all humanity at all times. Carrying out teaching activities on one's own allows one to determine the knowledge that the teaching profession should be treated as a life task. Pedagogical skills have a direct impact on the development of the pedagogical skills of the future specialist as a professional teacher, on the formation of new skills and pedagogical knowledge in educational and educational activities.

**Key words:** Future teacher, pedagogical skills, creativity, abilities, professional knowledge, professional qualifications, professional qualities, professional specialist.

Азыркы күндө билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, жаңы коомдун талабына шайкеш келген адистерди тарбиялоо жана даярдоо проблемалары өтө курч мүнөзгө ээ. Учурдун мугалими жөнүндө сөз кылууда, заманбап мугалимдин педагогдук чеберчилиги тууралуу түшүнүк алдыңкы планга чыкпай койбойт. Бардык профилдеги заманбап адистерди даярдоонун сапатын аныктаган негизги факторлордун бири катары мугалимдин кесипкөйлүүлүгү эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров: "Бүгүнкү күндө билим берүү дүйнө жүзүндөгү коомчулуктун өнүгүүсүндөгү эң негизги көрсөткүчтөрдүн жана приоритеттүү багыттардын бири. Заманбап билим берүү — бул жөн гана билим топтоо эмес, бул окуучулардын аналитикалык жөндөмдүүлүгүн жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү, өзүнө жоопкерчилик алууга даярдоо. Мындай жөндөмдүүлүктүн баарын биздин балдарыбызга мугалимдер үйрөтөт. Мына ошондуктан ар бирибиз педагог — бул өлкөнүн тиреги экенин, аларсыз туруктуу коомду жана демократиялык мамлекетти курууга мүмкүн эместигин жакшы түшүнүшүбүз кажет.

Бүгүнкү күндө билим берүү кызматкерлерин колдоо жана билимдин кадыр-баркын калыптандыруу мамлекетибиздин артыкчылыктуу багыты болуп саналат. Өлкөнүн

атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн иш жүзүндө мугалимдерибиздин жогорку статуска жетишине кам көрүшүбүз зарыл. Себеби, эртеңки келечегибиз мугалимдер окутуп жаткан балдардан көз каранды!" – деп белгилейт [1]. Мындан улам, болочоктогу мугалимдин педагогикалык чеберчилигин калыптандыруу – маанилүү педагогикалык маселе болуп саналат.

Мамлекеттик билим берүү стандартында заманбап мугалим өз ишине чеберчилик менен мамиле кылууну өнүктүрүү керектиги жана педагогикалык чеберчилик болочоктогу адистин өз ишине кесипкөй болуп калыптануусунда олуттуу мааниге ээ экендиги белгиленген [8].

Азыркы замандын талаптарынын өзгөчөлүгү – педагогикалык чеберчиликтин маңызын билүү, анын маанисин түшүнүү, болочоктогу кесипкөйдү бардык жактан өнүккөн атаандаштыкка жөндөмдүү заманбап адис кылып чыгаруу, өзүнүн ишине чыгармачылык менен мамиле кылуу, ар тараптан өнүккөн адамды жана анын педагогикалык маданиятын калыптандыруу максатын көздөп окутуу жана тарбиялоо.

Педагогика илиминде мугалимдин педагогикалык чеберчилигинин калыптануу проблемалары жетиштүү деңгээлде каралып келет. Кээ бир авторлор «мугалимдин чеберчилиги» түшүнүгүнүн маңызын аныктоодо биринчи орунга мугалимдин кесиптик-инсандык сапаттарын коет. Башка изилдөөчүлөр мугалимдин педагогикалык иш-аракетин жакшыртуу көз карашында беришет. Албетте, бул эки көз караштын ар биринин өзгөчө мааниси бар.

Окумуштуу И. Бекбоев мугалимдик чеберчиликтин маңызын аныктоодо: «Өз кесибин (профессиясын) өтө мыкты билген эң тажрыйбалуу кызматчы чебер болуп эсептелет» деп педагогдун өнүккөн кесиптик-инсандык сапаттарын негиз катары караган [3, 230-238-б].

Окумуштуу-педагогдор Б.Апыш, Д.Бабаев, Т.Жоробеков ж.б. педагогикалык чеберчиликти кесипкөйлүк иш-аракеттин, өзүн-өзү уюштуруунун жогорку деңгээлин камсыз кылган инсандык касиеттеринин комплекси катары аныкташат [2, 348-б]. Педагогдун мындай маанилүү касиеттерине алар мугалимдин инсан катары гуманисттик багыттуулугун, кесипкөйлүк билимин, педагогикалык жөндөмдөрүн жана мугалимдин педагогикалык техникасын киргизишет.

Айтылган аныктамалар мугалимдин педагогикалык чеберчилигинин маңызы тууралуу кандайдыр бир деңгээлде түшүнүк берет. Бирок, башынан иш-аракетти билдирген «чеберчилик» түшүнүгү жогорудагы окумуштуулар тарабынан көбүнчө мугалимдин инсан катарындагы касиеттери жана сапаттары катары аныкталат. Чеберчилик инсандын сапатында гана көрүнбөстөн, аны ишке ашыруу үчүн белгилүү жөндөмдүүлүк керек болгон анын иш-аракетинде да көрүнөт. Бирок касиеттер – бул чеберчиликтин өбөлгөлөрү, анын көрүнүшүнүн жана өнүгүшүнүн шарттары. Педагогикалык чеберчиликтин семантикасы билгичтик, көндүм жана инсандык касиеттерге негизделген мугалимдин кесипкөйлүк иш-аракетинин жогорку деңгээли менен байланышат. Демек, кесипкөйлүүлүктүн жогорку деңгээлине жетиш үчүн мугалим кесипкөйлүк билгичтигин жана көндүмүн, белгилүү инсандык сапаттарын өнүктүрүү, калыптандыруу жана ошондой эле жакшыртуу керек. Мунун негизинде анын өздүк педагогикалык иш-аракети өнүгөт. Бул эки милдет бири-бири менен тыгыз байланышта болсо да баары бир окшош. Алардын байланышы мугалимдин педагогикалык чеберчилигинде көрүнгөн педагогикалык иш-аракеттин жогорку деңгээлинде гана жетилет.

Педагогикалык чеберчиликтин маңызын мугалимдин инсан катарындагы касиети аркылуу эмес, анын педагогикалык иш-аракети аркылуу ачуу керек ошондой эле,

педагогикалык чеберчиликти мугалимдин жалпы кесиптик-педагогикалык квалификациясын жакшыртуу системасында кароо керек [5, 12-б].

Мугалимге педагогикалык квалификациясын жогорулатуу менен педагогикалык жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүгө, окутуу-тарбиялоо иш-аракетинде жаңы көндүмдөрдү калыптандырууга, дегеле кесипкөй чыгармачыл адис катары өзүн тынымсыз өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Мугалим чеберчиликке заматта эле ээ боло албагандыгын эске алуу керек. Белгилүү бир убакытта ал кесипкөйлүүлүгүнүн фундаменти болуп саналган педагогикалык билгичтикти, педагогикалык чеберчиликти өнүктүрүү деңгээлине таасирин тийгизет.

Чындыгында педагогикалык билгичтикке ээ мугалим окуткан өзүнүн предметин, психология жана педагогиканын нормативдик курстарын, айрым методикаларды терең билгендиги менен мүнөздөлөт жана аларды практика жүзүндө колдоно билүүсүндө көрүнөт. Бул окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жетиштүү деңгээлде квалификациялуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Бул көз караштты ырастаган И.Ф. Харламов: «Педагогикалык чеберчилик мугалимдин окуу-тарбиялык иш-аракетинин сапаттуу мүнөздөмөсү, практикада психологиялык-педагогикалык теорияны колдонуунун методдору менен ыкмаларын кайрадан иштеп чыгып, аны окуу-тарбиялык билгичтигинин жогорку деңгээлине чейин жакшыртууга жеткендиги. Натыйжада окуу-тарбиялык процесстин жогорку натыйжалуулугу камсыздалат», – дейт [9, 11-15-б].

Демек, педагогикалык чеберчилик мугалимдин төмөнкү кесиптик-педагогикалык касиеттеринде жана сапаттарында көрүнөт:

- мугалимдин педагогикалык иш-аракеттеринде жана жүрүм-турумунда;
- окуучулардын таанып-билүү иш-аракетин натыйжалуу уюштуруу билгичтигинин такшалгандыгында;
- окуу-тарбиялык процесстин бардык катышуучулары менен бирдей педагогикалык баарлашуусунун калыптангандыгында;
- педагогикалык жөндөмдөрүн жогорулатуу билгичтиктеринде жана көндүмдөрүндө.

Педагогикалык чеберчиликтин маңызын мына ушундай түшүнүү чоң мааниге ээ. Ал педагогикалык чеберчиликти мугалимдин абдан татаал иш-аракеттик-инсандык феномени катары түшүнүүгө, анын ички структурасын деталдуу ачып берүүгө жана анын таасирдүү калыптануусунун жолун туура белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Педагогикалык чеберчиликтин структурасындагы маанилүү компонент мугалимдин кесиптик жактан жарамдуулугу болуп эсептелинет. Кесиптик жактан жарамдуулук – бул мугалимдин педагогикалык чеберчилигинин калыптануусун жана өнүгүүсүн аныктай турган жобо. Кесиптик жактан жарамдуулуктун негизинде гана педагогикалык кесипкөйлүүлүктүн жогорку деңгээли өнүгөт жана калыптана алат.

Биз мугалимдин педагогикалык чеберчилигинин кесипкөйлүүлүгүнүн мына ушундай жогорку деңгээли тууралуу айтуу менен кесипкөйлүк жарамдуулук ансыз деле болот деп элестетебиз. Бирок, педагогикалык чеберчиликтин деңгээлинде иштей алган мугалимдин керектүү инсандык касиеттери, педагогикалык жөндөмдүүлүктөрү, билгичтиктери жана көндүмдөрү үчүн аныктоочу жобо катары санала турган өзгөчө касиеттерин да белгилөө керек.

Мугалимдин кесиптик жарамдуулугу анын физикалык жана психикалык ден-соолукта болуусуна, жакшы кептик жөндөмүнө, нерв системасынын токтоолугуна ж.б. байланыштуу. Педагогикалык иш-аракетке карата жарамдуулукту мүнөздөгөн инсандык сапаттардын ичине

балдар менен иштөөгө болгон шык-таланты, коммуникабелдүүлүгү, сылыктыгы, байкагычтыгы, жогорку деңгээлдеги элестетүүсү, уюштуруучулукка болгон жөндөмдүүлүгү, өзүнө жогорку талап кое билүүсү жана башка сапаттар кирет.

Каралып жаткан системдик сапаттардын компоненттерине бир катар психо-физический касиеттердин – эмпатиянын, өнүккөн рефлексиянын, сөздүк-логикалык эске тутуунун, ден-соолугунун бекемдигин, инсандык касиеттери катары кесиптик-педагогикалык багыттуулугу, педагогикалык иш-аракетке муктаждыгы, педагогикалык кесипти тандоо мотивациясы саналарын белгилеп, булар мугалимдин кесиптик жарамдуулугун чечүүчү факторлор экендигин айткан [5, 125-129-б].

Демек, кесиптик жарамдуулук педагогикалык чеберчиликтин туу чокусу катарындагы мугалимдин татаал, интеграцияланган сапаты. Анын инсандык жактан өнүгүүсүнүн натыйжасы, аныкталган жашоо тажрыйбасы. Ал тургай физиологиялык өнүгүү деңгээлиндеги милдети. Аны болочок мугалим өзүн-өзү кесиптик жактан аныктоо этабында диагноздоо керек. Себеби окутуу процессинде аны жакшыртууга гана болот. Кесиптик жарамдуулукту диагноздоо учурунда педагог кесибине ээ болгусу келген жаштарда ал толук көлөмдө берилбеши мүмкүн, бирок кандайдыр бир көрүнүштөрдө (шыкта же кесипкөйлүк-маанилүү инсандык сапаттарда) аныкталат. Анын жоктугу, андан чыккан натыйжа кесиптик жарамсыздыкты гана түшүндүрбөстөн, атайын окуу жайындагы болочок мугалимдин кесиптик жогорку деңгээлинин өнүгүүсүнө багытталган андан аркы аракеттердин пайдасыздыгын божомолдойт.

Окумуштуулар педагогикалык чеберчиликтин курамын изилдөө менен фундаменталдык негиз катарындагы анын маанилүү компоненти мугалимдин кесиптик жактан билими эсептелет деген ойго келишкен. Педагогдун кесиптик чеберчилигинин структурасында төмөнкү билим компоненттери көрсөтүлгөн:

– предмети боюнча билиминин кенендиги;
– психология жана педагогика боюнча терең жана бекем билими;
– жалпы маданияттык билими [10, 12-б].

Чебер мугалимдин биринчи кезекте, өзүнүн окуткан предмети жана методикасы боюнча терең жана бекем билими болушу керек.

Педагогикалык чеберчиликтин деңгээлинде иштеген мугалимдин кесипкөйлүк билиминин мүнөздөмөсү ошол билимди өздөштүрүүгө жана кайта өндүрүүгө жөндөмү бар инсандын көркөм табити менен аныкталат. Билим мугалимге, педагогикалык процессти натыйжалуу ишке ашыруу үчүн объективдүү жактан керек: биринчиден, анын негизинде ал окуу-тарбиялык иш-аракетти уюштурат; экинчиден – окуучулар өздөштүрүүчү билимдин транслятору болуп саналат.

Ошол эле учурда педагогикалык чеберчиликке ээ болгон мугалимдер үчүн билим субъективдүү жактан маанилүү. Кесипкөй-мугалим бардык чөйрөдөгү илимдерде изилденген фактыларды «өзү аркылуу», өзүнүн инсандыгынын призмасы аркылуу өткөрөт. Анын негизинде педагог берген субъективдүү маанилүү маалыматты кабыл алууга жана өздөштүрүүгө окуучуларда оң эмоционалдык мамиле калыптанат, мугалим андай шарттардын түзүлүшүнө таасир берүүчү өзүнүн кесипкөйлүк позициясын иштеп чыгат. Кесипкөй-мугалимдин билимге болгон субъективдүү мамилеси өздөштүргөн адамзаттын билим мурасын ар түрдүү чөйрөдөгү конкреттүү педагогикалык абалдарга адаптациялоого, окуучулардын окуусунун субъективдүүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Бул жалпы педагогикалык процессти жакшыртууга түздөн -түз таасир этет.

Мугалимдин инсан катары кесиптик-педагогикалык багыттуулугу – педагогикалык чеберчиликтин система түзүүчү компоненти. Мугалимдин инсан катарындагы педагогикалык багытталышынын түзүлүшү көп жагынан анын педагогикалык жөндөмдөрүнүн интенсивдүү өнүгүүсүнө шарт түзөт. Ал өз кезегинде окуу-тарбиялык иш-аракеттин эффективдүүлүгүн жогорулатууга таасир берет. Ошол себептен окумуштуулар тарабынан педагогикалык чеберчиликтин структурасында негизги элемент катары педагогикалык жөндөмдүүлүк каралат.

Педагогикалык жөндөмдүүлүктүн эң чоң көрсөткүчү мугалимдин сүйлөгөн сөзү, үндүн кооздугу, тыбыштардын туура айтылышы, көркөм сүйлөө, ойду так, даана жеткизүү болуп эсептелет.

Чындыгында, мугалимдин сүйлөгөн сөзү окуу-тарбия иш аракетин ишке ашыруунун негизги каражаты катары каралат. Мугалим жөн гана кооз сүйлөө менен чектелбейт. Мыкты сүйлөө чеберчилигине ээ болгон мугалим мазмундуу, образдуу, эмоционалдуу сүйлөйт жана сөз байлыгын, кеп маданиятын да көрсөтө алат деп билебиз.

Мугалим айткан сөз бардык окуу-тарбиялык процессти коштоп жүрөт. Азыркы мезгилде адамдардын турмушунда жана билим алуу процессинде ар түрдүү аудио-видео каражаттар менен маалымат технологиялар кеири колдонулуп келет. Бирок, эч бир техникалык каражат мугалимдин жандуу үнүн алмаштыра албайт. Ага төмөнкү жоболор далил боло алат:

1. Мугалимдин сүйлөгөн сөзү класс коллективинде жакшы эмоционалдык-психологиялык климаттын түзүлүшүнө негиз болот. Педагогикалык процесске катышуучулардын карым-катыштык мүнөзүн, алардын мугалимге болгон ишеничин тастыктайт.

2. Билим берүүдө мугалимдин сүйлөгөн сөзүнө олуттуу маани берилет. Эгер окуучу мугалимдин сабак учурунда берген маалыматын жакшы түшүнбөй калса, анын мазмуну өздөштүрүлбөй калат, же окуучу өз күчүн жумшап, убакытын бөлүп, өз алдынча өздөштүрүүсү зарыл. Бул көрүнүш окуучулар үчүн кыйынчылыкты туудурат.

3. Мугалимдин сүйлөгөн сөзү окуучулар үчүн эталон, үлгү болот жана эсте калат. Мугалимдин сүйлөгөн сөзү аркылуу өкуучулары дал өзүндөй сүйлөөгө калыптанат. Демек, мугалимдин туура эмес сүйлөгөн сөздөрү окуучунун кебинин калыптанышына гана зыян келтирбестен, өзүнүн адистик кадыр-баркына да таасирин тийгизет [6, 43-44-б].

Жогоруда айтылган жоболор мугалимдик чеберчиликтин кесиптик жактан калыптануусунда жана өркүндөшүндө маанилүүу роль ойнойт.

Педагогикалык жөндөмдүүлүктөр бир нечеге бөлүнөт.

Ал эми В. А. Крутецкий өзүнүн изилдөөлөрүндө педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдү төмөндөгүдөй бөлүштүргөн:

1. Дидактикалык – билим берүү ишинде чыгармачылык менен иштей билүүсү;
2. Академиялык – илимдин белгилүү областы боюнча жөндөмдүн болушу;
3. Перцептивдик – окуучулардын эмоциялык-эрк мүмкүнчүлүктөрүн, ички дүйнөсүн түшүнүү, кабыл алуу; эмпатия – кошо кубануу, өзүн баланын ордуна кое билүү, көңүл бөлүү;
4. Речтик – өзүнүң оюн так, туура айтып берүүсү;
5. Уюштуруучулук – окуу-тарбия процессинде окуучулардын бирге иштөөсүн, жардамдашуусун түзө билүү, өзүнүн энергиясын башкаларга өткөрө билүүсү. Иштөөгө түрткү бере билүү. Демилге көтөрө билүүсү.

6. Коммуникативдик жөндөмдүүлүк – окуучулар арасындагы карым-катнашты уюштура билүү, сүйлөшүү, маалымат алуу-берүү, уга билүү, башкалар менен тез тил табыша билүү, жанындагыларга көңүл бөлүп, байкай билүүсү, анын оюна ортоктош болуу;
7. Педагогикалык элестетүү – атайын жөндөм, тарбиялык багытта инсанды долбоорлой билиши;
8. Көнүл бөлүштүрүү – бир нече иштин түрүнө бир эле мезгилде көнүл бөлө билиши;
9. Кадыр-барк – окуучуга эмоционалдык эрктик таасир этиши жана ушунун негизинде кадыр-баркка жетишиши [7, 253-б].

Негизги педагогикалык жөндөмдөргө башка адамдар менен диалогдук мамилелерди түзүүсүн шарттаган мугалимдин инсандык касиеттерин киргизишет:

– коммуникативдүүлүк (баарлашуу жөндөмү, оратордук билгичтиктерди колдоно билүү, башкаларды угуу жана түшүнүү билгичтиги);
– Кесипкөйлүк, көрөгөчтүк же перцептивдүүлүк, эмпатиялык (байкагычтык, адамдардын жүзү жана турушу боюнча алардын ички сезимдерин, башка адамдарга болгон мамилесин аныктоо билгичтиги; башка адамдын психологиялык жана физический абалын түшүнүү, адамды түшүнүү жана ага тилектеш болуу билгичтиги, анын ордуна өзүн коюу);
– мугалимдин инсандык динамизми (күчтүү мүнөздү көрсөтүү жөндөмү, окуучуларды буйруксуз, жазасыз ээрчитүү билгичтиги, лидерликке, башка адамдарды башкарууга болгон жөндөмдүүлүк);
– эмоционалдык туруктуулук (өзүн башкара билүү, өз сезимдерин жана керекке жараша башка эмоционалдык абалдарды өзүнө багындыруу);
– педагогикалык оптимизм (өзүнүн кесипкөйлүк күчүнө жана тарбиялануучулардын руханий жана физический күчүнө ишенүү, өзүнүн кесипкөйлүк ийгиликтерин жана ийгиликсиздиктерин юмор менен кабыл алуу, өзүндө кесипкөйлүк иш-аракеттен жана тарбиялануучулар менен болгон баарлашуудан канааттануу сезимин бекемдөө);
– чыгармачылыкка же креативдүүлүккө болгон жөндөмдүүлүк [5, 92-95-б].

Жогоруда айтылган касиеттер мугалимге биринчиден, сөзсүз түрдө педагогикалык чеберчиликтин критерийи болуп саналган натыйжалуу педагогикалык баарлашууну уюштуруу жана өнүктүрүү үчүн керек, ал окуу-тарбиялык процессти ийгиликтүү, натыйжалуу ишке ашырууга түрткү берет.

Учурда республиканын коомдук-маданий жашоосундагы, билим-берүү системасындагы, окуучулардын окуу-таанып-билүү иш-аракетиндеги жана алардын инсандык өнүгүү процессинин мүнөзүндөгү өзгөрүүлөргө байланыштуу мугалимдин эмпатияга, рефлексияга, «мугалим-окуучу» коммуникативдик системасын чыныгы педагогикалык баарлашууну уюштурууга болгон жөндөмдөрү, ошондой эле мугалимдин инновациялык маданиятынын калыптанганын аныктаган креативдик жөндөмдөрү көбүрөөк талап кылынат. Педагогикалык рефлексия жаш мугалимди такшалтууга түздөн-түз жардам берет. Өз тажрыйбасын кайрадан карап чыгуу менен гана мугалим жаңы кызыктуу долбоорлорду иштеп чыгып, окутуу процессине толугу менен сүңгүп кирет. Мугалим өзүнүн рефлексивдүүлүк жөндөмү аркылуу гана окуучуну инсан катары кабыл алып, аны менен диалог жүргүзө алат.

Ар бир мугалимде педагогикалык жөндөмдөр өзүнчө өнүгүп, калыптанат. Алардын калыптануусунун динамикасы, интенсивдүүлүгү, педагогикалык чеберчиликтин

структуралык компоненти катары педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдүн маанилүү мүнөздөмөсү болуп саналарын белгилеп кетүү керек. Педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүү жана калыптануу процессинин мындай мүнөздөмөсү ар бир эле педагогдо боло бербейт. Бул мугалимдин инсандыгынын кесипкөйлүк жарамдуулугунун жана кесипкөйлүк-педагогикалык багыттуулугунун болуусуна жана өнүгүү деңгээлине байланыштуу болот.

Мыкты кесипкөйлүк жарамдуулук менен багытталган окутуу-тарбиялоо процесси баланын жаңы билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болуусуна жардам берип, инсанга тиешелүү баалуу сапаттардын калыптануусунун негизин түзөт. Ошондой эле кесипкөй жарамдуулукка ээ мугалим окуучулардын шыгын, жөндөмдүүлүгүн, кызыгуусун, мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн калыптандырууга түздөн-түз жардамдашат. Окуучулардын тарбиясы тарбиясы мугалимден ала турган маалыматтардын жеткиликтүүлүгүнө көз каранды болот.

Чындыгында педагогикалык чеберчилик педагогдорго окуучулардын окуп-таанып билүү ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкарганга, максаттуу багытта педагогикалык таасир этүүнү жана өз ара аракеттешүүнү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Ал кесипкөйдүн маанилүү инсандык сапаттарын, атайын билим, билгичтик жана көндүмдөр комплексинин негизинде жогорку деңгээлдеги педагогикалык ишмердүүлүккө ээ болгондо көрүнөт. Чебер педагог – бул өз предметин терең билген, илим жана искусствонун тиешелүү тармактар менен тааныш, жалпы психологияны практикалык түрдө түшүнгөн, тарбия жана окутуу методикасын эң мыкты өздөштүргөн маданияты бийик идеалдуу адистин үлгүсү.

**Колдонулган адабияттар:**


1. https://www.oshto.kg/news/3223072/prezident-sadyr-zaparov-mugalimderdinmajramy-menen-kuttuktady
2. Апыш Б. Педагогика. [Текст]: ЖОЖдордун студенттери үчүн окуу куралы. / Б.Апыш, Д.Бабаев, Т.Жоробеков, – Б., 2002. – 348-б.
3. Бекбоев И.Б. Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар. [Текст] / И.Б.Бекбоев. – Б., 2006. – 290-б.
4. Гоноболин Ф.Н. Психологический анализ педагогических способностей // Проблемы способностей / Под ред. В.Н. Мясищева. – М., 1962. – 144-б.
5. Калдыбаева А.Т., Койлубаева Н.К., Бектуров Т.М., Жолдошова Б.А., Челпакова С.М., Иманкулова С.Э. Педагогикалык чеберчиликтин негиздери. – Б.,2019.
6. Койлубаева Н.К., Бектуров Т.М. Педагогикалык кеп мугалимдин кесиптик ишмердигинин негизги каражаты. – Актуальные вопросы образования и науки Научный журнал 2021. №2 (72), – 43-44-б.
7. Крутецкий В. А. Основы педагогической психологии. – М. : Просвещение, 1972. – 253 с.
8. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. – Бишкек, 2022. 22-июль – 18-б.
9. Харламов И.Ф. О педагогическом мастерстве, творчестве и новаторстве // Педагогика. – 1992. – № 7-8. – С. 11-15.
10. Шынгерэй Т.А. Кому быть педагогом? // Народная света. – 1994. – № 4. – С 16.


**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а. Сманбаев Ө.А.**